**ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин**
**«Хирургиялыкдисциплиналар травматология курсу менен» кафедрасынын**
**кезектүү**
**№7 жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ**

13.01.2023 ж.
**Төрага: м.и.к., доцент О.И.Курбанбаев**
**Катчы: Курманбек кызы А**
**Катышкандар:18.**

***Отүлүүчү жай: ХДТ кафедрасы, 412-окуу каанасы***

**Күн тартиби:**

1. ***Кафедранын ага кураторунун 2023-2024 окуу жылынын I-жарым жылы үчүн отчетун угуу жана II-жарым жылдык үчүн иш планын бекитүү.***
2. ***Кафедранын илимий иштери боюнча жооптуу Эргешбаев М.М. 2023-2024 окуу жылы үчүн I-жарым жылы үчүн отчетун угуу жана II-жарым жылынын иш планын бекитүү, илимий конференциялардын графигин түзүп бекитүү.***
3. ***Ар түрдүү маселелер.***
   1. ***Экзамендердин күзгү семестрине анализ жүргүзүү.***

1. **Угулду.** Отурумдун төрагасы, **м.и.к. доцент О.И.Курбанбаев** сөз башында күн тартиби менен тааныштырып, кафедранын ага кураторунун отчетун угуу үчүн сөздү Кыдыралиев Улар Авановичке берди. Улар Аванович: жыл башында группалар куратолорго бөлүнүп берилди, уюштуруу иштеринде кураторлор менен биргеликте куратордук стенд жасалды, кафедра башчы менен кураторлор тарбия ишиндеги көйгөйлөрдү такуладык, улук куратор менен жаштар комитетинин акыйкатчынын жана старосталардын жолугушусу уюштурулду. Окуу тарбия иштеринде тайпалык старосталардын укуктарын түшүндүрүү жана ар бир тайпадагы тарбиялык сааттардын өтүлүшүн көзөмөлдөө иштери жүрдү. Кафедранын I-жарым жылы үчүн пландалган иштери толугу менен аткарылды. Улар Аванович жалпы жааматты кафедранын II-жарым жылдыгындагы куратордун иш планы менен тааныштырды. Отурумдун мүчөлөрү ага куратордун отчетун угуп, II-жарым жылдыкдагы куратордун иш планы менен таанышып, талкуулашып төмөндөгүдөй чечим кылат.

2. **Угулду.** Отурумдун төрагасы, м.и.к. доцент О.И.Курбанбаев кафедранын илимий иштеринин отчетун угуу үчүн жооптуу Эргешбаев Медер Мурзапаязовичке сөз берди. Медер Мурзапаязович: кафедранын сапаттык көсөткүчү 45% түзүп, кафедрада 5 профессор, 15 к.м.н., 1PhD, 31 жөнөкөй окутуучу эмгектенет. Жыл ичинде кафедрадагы окутуучулар Кыргызстан чегинде ар кандай конференцияларга,

Сканировано с CamScanner

симпозиумдарга, форумдарга ж.б. илимий иш-чараларга катышышты.Кафедранын жарым жылга пландалган уюштуруу иштери толугу менен аткарылды. Эргешбаев Медер МурзапаязовичII-жарым жылга карата түзүлгөн иш планы менен жалпы жаамытты тааныштырды. **Жарыш сөзгө чыккан** отурумдун төрагасы м.и.к. доцент О.И.Курбанбаев II-жарым жылдыкта карата кафедрага тиешелүү предметтер боюнча окутуучуларды студенттер үчүн методикалык колдонмолорду чыгарууларын айтып өттү жана ошондой эле кафедранын кандидаттык жана доктордук илимий иштин үстүндө изденүүчүлөрүнө, аспирантарга илимий изилдөө иштеринин темаларына тийиштүү статьяларды жогоруда аталган журналдарга чыгарууларын белгиледи. Отурумдун мүчөлөрү маселени талкуулашып баары бир добуштан колдоп чечим кылат.

3. **Ар түрдүү маселелер боюнча. Угулду.** Отурумдун төрагасы, **м.и.к. доцент О.И.Курбанбаев**экзамендердин күзгү семестрине анализ жүргүзүүдө, экзамендер график боюнча алынды, ар бир студент билим деңгээлине жараша бааланды,бардык курстардын экзамендик сапаттык көрсөткүчү талапка ылайык жооп берет.

## ЧЕЧИМ:

1. **Кафедранын ага кураторунун 2022-2023 окуу жылынын I-жарым жылы үчүн отчетун угуу жана II-жарым жылдык үчүн иш планын талкуулап, бекитүү.Кафедранын куратордук иш планы,иш чаралары менен иш алып баруу Кыдыралиев Улар Авановичге жүктөлсүн.**
2. **Кафедранын илимий иштери боюнча жооптуу Эргешбаев М.М. 2022-2023 окуу жылы үчүн I-жарым жылы үчүн отчетун угуу жана II-жарым жылынын иш планын бекитүү, илимий конференциялардын графигин түзүп бекитүү. Кафедранын илимий иштери боюнча иш алып баруу жооптуу Эргешбаев Медер Мурзапаязовичке жүктөлсүн.**
3. **Студенттерди баалоодо студенттин сабака катышуусуна жана сабакта өзүн алып жүрүүсүнө жараша баалансын.**

**Жыйындын төрагасы: м.и.к.,доцент** **Курбанбаев О.И.**

**Катчы:** **Курманбек кызы А.**

Сканировано с CamScanner